КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий №01-13/2300
„22" 08 2017 ж/г

**Шайлоо жана рефередум отко-
руу боюнча Борбордук комиссиянын
торайымы
Н.К. Шайлдабековага**

**Урматтуу Нуржана Карма бековна!**

1. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Омурбек Бабановдун коншу Казахстан Республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаев менен жолугуп келгендиги тууралуу Кыргыз коомчулугуна маалым болду.

Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку кенештин депутаттарын шайлоо тууралуу Конституциялык мвйзамдын 28 беренесинин 2 пунктунун негизинде "Башка олколордун саясатчыларынын жана мамлекет башчыларынын суротторун жана видеоматериалдарын пайдалануу массалык маалымат каражаттарындагы соз эркиндигин ашыкча пайдаланууга кирет" деп айтылат.

Ушул эле мыйзамдын 22 беренесинин 15 пунктунда «Мамлекеттик органдардын жана оз алдынча башкаруу органдарынын кызматчылары, шайлоо комиссияларынын мучолору, байкоочулар,судьялар, диний уюмдун окулдору,кайрымдуулук иштери менен алектенген уюмдардын мучолору, 18 жашка чыга элек адамдар, чет олколук жарандар жана уюмдар, жарандыгы жок адамдар угут жургузууго, ар кандай угут материалдарын чыгарууга жана таратууга укугу жок» деп айтылат. Президенттик шайлоо учурунда мындай жолугушуунун этикалык жактан туура эмес болуп калгандыгын казахстандык саясат талдоочу Амиржан Косанов дагы тастыктады.Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлигинин каршылык нотасын убагында жасалган кайрылуу деп билебиз. Кыргыз Республикасынын Президентин Кыргыз эли жана Кыргызстандыктар шайлаш керек.

Ал эми Казахстан Республикасынын тышкы иштер министрлигинин берген жообунда «Казахстан Президенти Кыргыз Республикасынын бир талапкерин басып корсотуп колдоо корсоткон жок» деген мааниде актанып жооп берген. Бирок Назарбаев менен Бабановдун ортосундагы суйлошуунун толук текстинде Казахстан Президентинин колдоо корсоткону ачыктан-ачык корунуп турат. (Суйлошуунун видео версиясы тиркелет).

Коншу мамлекеттин башчысы биздин шайлоо ишибизге туз же кыйыр турундо кийлигишууго укугу жок. Казахстан Президенти Нурсултан Назарбаев Омурбек Бабанов менен жоугушууда аны колдой тургандыгын ачык эле билдирген. Эгерде Президент болуп Бабанов шайланып калса мамлекеттик маселелерди чечуудо созу кыска болуп алты жыл бою башка

Президентке коз каранды абалда кала берет. Андай болондон кийин Назарбаевдин алдына Кыргызстандын талылуу маселелерин которуп чыга албай калат. Анткени анын шайланышына Назарбаев чон роль ойногон болуп кала берет. Мындан тышкары бизге тушко маалыматтын негизинде эки тараптуу жолугушуу Бабановдун демилгеси менен болгондугу белгилуу. Ошондуктан ал оз кызыкчылыгын коргоп Назарбаевге жолугушуу аркылуу угут-насыят иштерин жургузуп, башка олконун Президентинин колдоосуна арзыйын деген ойдо болгон. Мунун бардыгына жогорудагы мйзамдагы беренелер жол бербейт.

Мындан тышкары Казахстан тшкы иштер министрлигинин жообунда «Казахстан Президенти 14 августа башка талапкер, экс-премьер-министр Сооронбай Жээнбеков менен жолугушканын кабарлаган. Бирок бул жооп да туура эмес берилген, Анткени ал жолугушууга Сооронбай Жээнбеков премьер-министр статусунда барганын казах тарап унутпашы керек. Ал моонотто угут –насыят иштери баштала элек эле.

Сиздерден суранаарым, мыйзам талабынын негизинде Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Бабанов Омурбек Токтогуловичке мыйзам чегинде чара корушунуздорду суранам.

2. Мындан тышкары Омурбек Бабановдун Казахстандын жараны экендиги тууралуу убагында далай маалыматтар чыгып катуу талкуу болду эле. Мына жакында эле массалык маалымат каражаттары аркылуу анын казах паспортунун кочурмосу теле аркылуу корсотулуп, коомчулукка жарыя кылынды.

Биздин мыйзамдардын негизинде кыргыз жаранына бир жарандуулукка гана руксаат берилген. Ал эми бизге жеткен маалыматка караганда Бабанов эки паспорт жана эки жарандуулук менен жургондугу тууралуу фактылар тушуудо. Парламенттин мурдагы депутаты Омурбек Абдырахманов Бабанов тууралуу маалымат берип анын 1995 жылдан 1999 жылга чейин Казахстанда бизнес кылып, жарандыгын алып, налогдорун толоп жургондугу тууралуу ишенимдуу фактылар менен далилдеген. Анан эле белгисиз себептер менен кыргыз паспортун алган. Бул дагы кошумча териштириле турган иш.

Президенттикке талапкер катары каттоодо ушул учур текшерилип эске алынды беле? Анын башка олконун жарандыгын тастыктоо ирээтинде Казахстандын тиешелуу органдарына каттар жиберилип тиешелуу иштер жургузулду беле? Же анын Кыргыз паспортунун негизинде эле каттап кое бердинерди? Мына ушул айтылган маалыматтар боюнча дагы мага жоопберип коюшунарды суранам. Менин алган маалыматым боюнча ал Казах жарандыгын алиге чейин тапшырган эмес. Эгер ал далилденген болсо анын талапкерлиги токтоосуз алып салышынышы керек.

3. Озунун бийликке деген кумарын кандыруу жана кандай болсо да Президент болуу учун ал ишке ашпаган калптарды айтып, кыргыз элин коз коруноо алдап жатканына кандай карайсыздар? "Алты жылдын ичинде Кыргызстанды онуккон он мамлекеттин арасына киргизем" деп калпты айтканына карата эмнеге реакция кылынбай жатат? Ушунча байлыгы бар Казахстан Назарбаевдин эл аралык кадыр-баркына карабастан онуккон 50 мамлекеттин катарына аран кирди. Минтип Кыргызстандык шайлоочуларды алдап жаткандыгы учун ага эскертуу беришиниздерди суранам. Миндеген биздин шайлоочулардын алдына чыгып аларды коз коруноо алдап жатса унчукпай турушубуз керекпи? Бул тууралуу да борбордук шайлоо комиссиясынын позициясынын билгим келет.

4. Азыр кочолордо "Бабанов-Президент, Торобаев Премьер" деген баннер илине баштады. Бул дагы шайлоо мыйзамдарына жана кызматтык этикага туура келбейт деп эсептейм. Азыр Бабанов Президент болуп шайлана элек. Аны бир кудайдын озу билет. Азырынча олко Президенти Алмазбек Атамбаев, олко Премьери Сапар Исаков. Алар ушул кызматты аркалап жатат. Анан алар турганына карабастан мындай лозунгдун болушу кандай деп тушунсо болобу? Ушул баннерди илген тарап кичине моралдык этиканы эске алышы керек эле. «Президент» же «Премьер» деп айтуудан мурун ошол кызматтарга татыктуу болуп шайланып алып анан жазганда жакшы болоор эле. Тиешелуу эскертуу берип бул баннерлерди дагы алдырып салышынарды суранам.

Сиздерден суранаарым, менин жазган арызымды кылдат текшерип, калыс карап акыйкат чечим чыгарып беришинерди суранам. Мыйзам бузууларга тешелуу укуктук чара корушунорду отуном.

**Борбордук Азия мамлекеттериндеги адам укуктары боюнча Конгресстин координатору** **Турсунбек Акун**

Дареги: Киев кочосу 96 а
Тел: 0777 27 54 34